**Бурул РАЙМАЛИЕВА - БИР ТУУГАНЫМ** W +

*с.: Жылдызбек Турсунбаевдики*
*о. Камчыбек Букалевдики*

Бир атанын балдарыбыз,
Бир эненин шамдарыбыз.
Бийик кылган максаттарды,
Биримдикте бар багыбыз.

Балалыкта алтын кезден,
Бир тууганым чыкпайт эстен.
Биз чоңойгон айыл, көчө,
Билик болуп жанат көздөн.

**Кайырма:**
*Бирге өскөн – тамырлашым,*
*Бир тууганым – кадырлашым.*
*Тирегимсиң сен таянган,*
*Аман болсун асыл башың!*

Сендей ынак кайдан табам?
Көрбөй калсам сурап калам.
Мен өзүңө жүрөк арнап,
Мээриминден кубат алам.

Улуулары кеңеш айткан,
Кичүүлөрү ызатташкан.
Бир тууганым – ишенээрим,
Бир түндүктөн ырыс тапкан.